**Мамлекеттик маанидеги “Бардык сезондогу “Ала-Тоо Резорт” тоо кластери” долбоору үчүн фирмалык логотипти иштеп чыгуу боюнча**
# ТЕХНИКАЛЫК ТАПШЫРМА

## 1. Долбоор жөнүндө жалпы маалымат

**Уюштуруучу:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу «Ала-Тоо Резорт» мамлекеттик ишканасы

**Брендинг объектиси:**

Мамлекеттик маанидеги “Бардык сезондогу “Ала-Тоо Резорт” тоо кластери” долбоору

**Логотиптин максаты:**

Кыргызстандын жаратылыштык, маданий жана туристтик өзгөчөлүгүн чагылдырган, ошондой эле эл аралык деңгээлдеги заманбап улуттук тоо курортунун аброюн көрсөткөн уникалдуу визуалдык символ түзүү.

## 2. Логотипти иштеп чыгуунун максаттары жана милдеттери

**2.1. Максат:**

Төмөнкүлөргө ылайык фирмалык белги жана айдентика системасын иштеп чыгуу:

- Мамлекеттик маанидеги “Бардык сезондогу “Ала-Тоо Резорт” тоо кластери” долбоорунун расмий символу болуу;
- бардык визуалдык коммуникациянын бренддик негизин түзүү;
- улуттук жана эл аралык туристтик рынокто таанымал символ болуу.

**2.2. Негизги милдеттер:**

- Кыргызстандын тоолорунун күчүн, жаратылыштын тазалыгын жана экологиялык гармониясын берүү;
- бийиктик, күч, тынчтык жана «Ала-Тоо» тоо кыркаларынын идеяларын чагылдыруу;
- бардык чөйрөлөрдө (имарат фасаддарынан тартып санарип медиага чейин) колдонууга ылайыктуу, заманбап жана универсалдуу визуалдык образ түзүү;
- логотипти үч тилге (кыргыз, орус, англис) ылайыкташтыруу;
- мамлекеттик масштаб, ишенимдүүлүк жана сапат түшүнүктөрү менен ассоциация түзүү.

## 3. Логотиптин мазмундук жана символикалык негиздери

**3.1. Башкы идея:**

Логотип үч маанилүү өлчөмдү айкалыштырыш керек:

1. Жаратылыштык: үч тоо чокусу (Жыргалан, Ак-Булак, Боз-Учук), кардын тазалыгы, күндүн энергиясы, тоо этектерин чагылдырган сызыктар;
2. Улуттук: кыргыз орнаменттери, Теңир-Тоонун символдору, Кыргызстандын табиятынан алынган түстөр, ак илбирстин элементтери;

3. Заманбап: минимализмге жана эл аралык эстетикага шайкеш таза графикалык стиль (мисалы, Davos, St. Moritz, Manzherok, Shymbulak өңдүү курорттор сыяктуу).

**3.2. Мүмкүн болгон визуалдык метафоралар:**

- үч чоку (үч сызык, үч үч бурчтук ж.б.у.с.);
- үч нурдан турган кар бүртүкчөсү;
- тоо менен толкун айкалышы (Ысык-Көлдүн символу);
- орнаменттик чоку (улуттук мотивди геометриялык белгиге айландыруу).

## 4. Логотипке коюлуучу негизги талаптар

**4.1. Композиция:**

- Жөнөкөй, оңой масштабдалуучу жана эстен чыкпаган форма болушу керек;
- Белги (эмблема) жана тексттик логотип өз алдынча колдонууга ылайыктуу болушу зарыл;

Логотип үч тилде жазылышы керек (мисалы):

- Ала-Тоо Резорт
- Ala-Too Rezort

**4.2. Техникалык мүнөздөмөлөр:**

Форматтар: AI, EPS, SVG (вектордук), PNG, PDF, JPG (растордук).

**Версиялар:**

- негизги түстүү;
- монохром (ак жана кара);
- инверттелген (кара фондо колдонуу үчүн);
- компакттуу (текстсиз эмблема/иконка);
- горизонталдык жана вертикалдык композициялар.

**4.3. Типография:**

- Заманбап, калыңдыгы бирдей, окумдуу шрифт (кирилл жана латын алфавиттеринде);
- Үч тил үчүн бирдиктүү шрифт колдонууга мүмкүн;
- Стиль — таза, геометриялык жана ишенимдүү (мисалы Montserrat, Inter, Noto Sans же атайын иштелген шрифт).

## 5. Аткаруучуга коюлуучу талаптар

**5.1. Жасалма интеллект технологияларын колдонууга чектөө:**

Аткаруучу логотипти, фирмалык белгини, графикалык элементтерди жана айдентиканын башка объекттерин иштеп чыгууда генеративдик жасалма интеллектке негизделген платформаларды (мисалы: Midjourney, DALL-E, Stable Diffusion, Leonardo AI, Firefly жана башка ушул сыяктуу программаларды) колдонбоого милдеттүү.

Иш толугу менен кол менен, профессионалдык графикалык программалардын жардамы менен (Adobe Illustrator, CorelDRAW, Figma ж.б.) аткарылышы керек.

### 5.2. Аткаруучунун декларациясы:

Аткаруучу логотип генеративдик ИИ системаларын колдонбостон өз колу менен иштелип чыкканын тастыктаган жазуу жүзүндөгү кепилдик (гаранттык кат) берет.

## 6. Уюштуруучуга өткөрүлүп берилүүчү материалдар

Аткаруучу төмөнкүлөрдү тапшырууга милдеттүү:

1. Негизги логотип — түстүү, монохром жана инверс версияларда (AI, EPS, SVG, PNG, PDF форматтарында);
2. Логотипти колдонуу боюнча жетекчилик (Brand Manual / Guidelines), анда камтылат:

- логотиптин түзүмү жана шрифттери;
- түстүк спецификациялар (CMYK, RGB, RAL, Pantone);
- масштаб жана четтөө эрежелери;
- туура эмес колдонууга тыюу салуу;
- колдонуу үлгүлөрү (шаблондор).

3. Кошумча материалдар:

- концепциянын кыскача түшүндүрмөсү (1–2 абзац);
- логотипти колдонуу макеттеринин мисалдары (фасад, кийим, байрак, визитка ж.б.);
- бардык графикалык элементтердин баштапкы файлдары;
- вектордук форматтагы файлдар (AI, EPS, SVG);
- иш процессиндеги файлдар (катмарлар, версиялар, караламалар);
- ортоңку эскиздер, скетчтер же наброскалар;
- файлдардын метадаталары (түзүлгөн күнү, программа версиясы, автор ж.б.).

## 7. Иштерди баалоо критерийлери

1. Долбоордун тематикасы жана максаттарына шайкештик – 30 баллга чейин;
2. Оригиналдуулук жана уникалдуулук – 25 баллга чейин;
3. Эстетика, композиция жана окумдуулук – 20 баллга чейин;
4. Универсалдуулук жана адаптивдүүлүк – 15 баллга чейин;
5. Техникалык аткаруунун тууралыгы жана файлдардын сапаты – 10 баллга чейин.
6. Максималдуу упай – 100 балл.

## 10. Логотип варианттарын тапшыруу жана тандоо тартиби

Ар бир катышуучу 3 логотипке чейин сунуштай алат;

Ар бир вариант 1 бетке чейин кыскача концепциялык түшүндүрмө менен коштолот;

Жыйынтык тандоо Конкурстук комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт;

Жеңүүчү аныкталгандан кийин автордук укуктарды өткөрүп берүү боюнча келишим түзүлөт (КРнын «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» Мыйзамына ылайык);

** Уюштуруучу сунушталган иштердин эч бирин тандабоо жана конкурсту өтпөй калды деп табуу укугун өзүндө калтырат.*

## 11. Укуктук талаптар

Логотиптин бардык элементтери оригиналдуу болушу жана үчүнчү жактардын укуктарын бузбашы керек;

Логотипке болгон өзгөчө мүлктүк укуктар Уюштуруучуга өткөрүлөт;

Аткаруучу логотипти коммерциялык максатта колдонууга чектөө жок экенин тастыктайт.

## 12. Иш аткаруу мөөнөттөрү

| **Этап** | **Мазмуну** | **Мөөнөтү** |
|---|---|---|
| 1 | Конкурсанттардын эскиздерин кабыл алуу (портал аркылуу) | 03.11.2025-17.11.2025 |
| 2 | Жеңүүчүнү тандоо жана макулдашуу | 20.11.2025 чейин |
| 3 | Жеңүүчү менен келишим түзүү, баардык материалдарды Уюштуручууга өткөрөп берүү | 24.11.2025 чейин |

## 13. Уюштууручунун байланыш маалыматы

**Аты-жөнү:** Тилеков Өмүрбек

**Кызматы:** сатып алуулар боюнча адис

**Телефон:** 996 705 63 53 63